DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



*Патиев Н.М.*

## ЗАМАНБАП ИЛИМИЙ ТҮШҮНҮКТӨГҮ САЯСИЙ СИСТЕМА ЖАНА АНЫН ТЕОРИЯЛЫК АСПЕКТИЛЕРИ

*Патиев Н.М.*

## ПОЛИТИЧЕСКАЯ СИСТЕМА И ЕГО ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ АСПЕКТЫ В СОВРЕМЕННОЙ НАУЧНОЙ МЫСЛИ

*N. Patiev*

## POLITICAL SYSTEM AND ITS THEORETICAL ASPECTS IN MODERN SCIENTIFIC THOUGHT

*УДК: 323.22/.28*

*Макалада Кыргыз Республикасынын саясий системасынын калыптануу өзгөчөлүктөрү, саясий партиялардын, коомдук уюмдардын жана кыймылдардын ролу жана мамлекетте ээлеген орду мүнөздөлөт. Кыргыз Республикасынын саясий системасынын өнүгүү өзгөчөлүктөрүнө ар тараптуу талдоо жүргүзүү менен биргеликте саясий системанын калыптануу жана өнүгүү тенденцияларын аныктоо саясий илимдер чөйрөсүндө дайыма актуалдуу. Илимий иштин максаты – Кыргыз Республикасынын саясий системасынын өзгөчөлүктөрүн ар тараптуу талдоо болуп саналат. Изилдөөдө ата мекендик жана чет элдик илимий адабияттардын мисалында Кыргыз Республикасынын саясий системасынын өнүгүү проблемаларын талдоо аркылуу саясий системанын өзгөчөлүктөрү аныкталат. Изилдөөнүн методологиялык негизин тарыхый, салыштырмалуулук методу менен илимий объективдүүлүк, тарыхый, социалдык принциптер түзөт. Саясий система – саясий субъекттердин, структуралардын, мамилелердин интеграцияланган, бүтүндүк жыйындысы. Социалдык биримдиктердин жана күчтөрдүн кызыкчылыгын чагылдырат жана коомдун интеграциясын жана жалпы максаттарды ишке ашыруу үчүн анын ишмердүүлүгүнүн эффективдүүлүгүн камсыз кылат деген жыйынтык чыгарууга болот.*

***Негизги сөздөр:*** *саясат, саясий система, бийлик, саясий процесс, саясий институттар, демократия, демократизациялык процесс, коом.*

*В статье описаны особенности формирования политической системы Кыргызской Республики, роль политических партий, общественных организаций и движений и их положение в политической жизни государства. Определение тенденций формирования и развития политической системы Кыргызской Республики совместно с проведением комплексного анализа особенностей развития в мировой политической системе всегда актуально в политической науке. Цель научной работы – комплексный анализ особенностей политической системы Кыргызской Республики. В исследовании особенностей политической системы определяются путем анализа проблем развития политической системы Кыргызской Республики на примере отечественной и зарубежной научной литературы. Методологической основой исследования являются исторический, сравнительный метод, научная объективность, исторические и социальные принципы. Политическая система – это интегрированный, целостный набор политических образований, структур и отношений. Можно сделать вывод, что она отражает интересы социальных объединений и сил, обеспечивает интеграцию общества и эффективность его деятельности для реализации общих целей.*

***Ключевые слова:*** *политика, политическая система, власть, политический процесс, политические институты, демократия, демократизационные процессы, общество*

*The article describes the features of the formation of the political system of the Kyrgyz Republic, the role of political parties, public organizations and movements and their position in the political life of the state. Determining trends in the formation and development of the political system of the Kyrgyz Republic, together with conducting a comprehensive analysis of the features of development in the world political system, is always relevant in political science. The purpose of the scientific work is - a comprehensive analysis of the features of the political system of the Kyrgyz Republic. In the study, the features of the political system are determined by analyzing the problems of development of the political system of the Kyrgyz Republic using the example of domestic and foreign scientific literature. The methodological basis of the study is the historical, comparative method, scientific objectivity, historical and social principles. A political system is an integrated, holistic set of political entities, structures and relationships. We can conclude that it reflects the interests of social associations and forces, ensures the integration of society and the effectiveness of its activities to achieve common goals.*

***Key words:*** *politics, political system, power, political process, political institutions, democracy, democratization processes, society.*

Кыргыз Республикасынын саясий тарыхына көз чаптырсак, эгемен мамлекет катары өлкөдөгү саясий окуялар 1991-жылдан тарта башталганын байкоого болот. Советтер Союзунун жоюлушу жана Көз Каранды эмес Мамлекеттердин Шериктештигин түзүү жөнүндө келишим түзүлгөндөн кийин республика дүйнөлүк коомчулуктун бир бөлүгү катары таанылды. 1991-жылдын 31-августунда Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгү жөнүндө Декларацияны кабыл алынышы жана 1992-жылы Бириккен Улуттар Уюмуна мүчө болуп кабыл алынышы мамлекет үчүн маанилүү чоң тарыхый окуя болду. Ошентип, республика дүйнөлүк аренада өлкөнүн позициясы жөнүндө эл аралык коомчулукка маалымдоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болду.

Ал эми саясий система түшүнүгүнө келсек, илим чөйрөсүндө «саясий система» деген түшүнүккө көптөгөн аныктамалар бар. Бул аныктамаларга таянсак, белгилүү бир өзгөчөлүккө гана көңүл буруу же тигил же бул өзгөчөлүккө басым жасоо сыяктуу тенденцияны байкоого болот [1]. Саясий система түшүнүгү көп маанини өзүнө камтыйт. Көбүнчө бул түшүнүк илимде тажрыйбалык мааниде колдонулуп, коомдун өнүгүүсү менен туруктуулугун камсыз кыла турган

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



факторлорду, ар түрдүү топтордун таламдарынын өз ара келишүү механизмин ачууга көмөк көрсөтөт.

Саясий система – саясий бийликти камтыган ар кандай саясий институттардын, коомдук-саясий жамааттардын жана алардын ортосундагы мамилелердин жыйындысы катары кароого болот. Коомдун саясий системасы саясий процесстердин, саясий ишмердүүлүктүн, саясий институттардын, саясий мамилелердин, коомдун саясий уюштуруу принциптеринин жыйындысын ыраатка келтирилген биримдиги болуп саналат. Ал биримдик коомдогу саясий режимдин багытына, руханий ченемдерге, тарыхый каада-салтка, укуктук, саясий, социалдык жана идеологиялык эрежелерге тиешелүү болот. Дагы башка аныктамаларга көз салсак, саясий система – саясий бийлик менен саясий таасирди ишке ашыра турчу саясий институттардын, коомдук түзүлүштөрдүн, ченемдердин өз ара аракеттенүүнүн натыйжасы болуп эсептелет. Ошондуктан саясий системага катышы бар институттар лидерлер гана эмес, ошондой эле саясий процесске кыйыр түрдө таасир эткен социалдык, маданий институттар, экономикалык, салттар жана ченемдер да кирет. Андыктан аталган саясий жана коомдук интитуттардын ресурстарынын экономикалык, материалдык, технологиялык болуп жиктелиши мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Саясий система саясий бийликтин уюштурулушун, мамлекет менен коомдун өз ара мамилелерин кучагына алып, саясий процесстердин багытын мүнөздөйт. Саясий система анын айлана-чөйрөсүн түзгөн коомдун структурасындагы борбордук абалы, саясатын уюштуруу жана жөнгө салуу ордун тескөөчү милдеттеринен келип чыгат [2].

Коомдун саясий системасы тууралуу биринчилерден болуп улуу грек ойчулу Аристотель, кийин англиялык философ Томас Гоббс кайрылышкан. Ошондой эле, адамзаттын тарыхында саясий турмуштун коомдогу ээлеген ордун, функцияларын, максатын улуу флоренциялык окумуштуу Николе Макиавелли ар тараптан, терең изилдеген. Саясий системанын теориясынын жаралышына саясий илимдин өз алдынча өнүгүү негизги себеп болгон. Коомдун саясий системасы ар түрдүү компоненттерден туруп, саясий системага кирүүлөр, андан чыгуулар, чечим кабыл алуулардын процесстери, түз жана тескери байланыштардан түзүлөт деген пикирлер да жок эмес. Ушуларга таянып, саясий системанын структурасынын беш негизги кичи системага бөлөбүз:

1) институционалдык;
2) туруктуу жөнгө салынуучу;
3) идеологиялык;
4) коммуникациялык;
5) милдеттүү.

Саясий системанын негизги элементи институционалдык кичи система, башкача айтканда мааниси боюнча ар түрдүү, жалпыга мааниси бар талаптардан топтук жана жеке таламдарга чейинки мүдөөлөрдү билдирүүчү жана көрсөтүүчү институттардын жыйындысы. Коомдук талаптардын ишке ашыруунун эң эле маанилүү куралы мамлекет болуп саналат. Бийликти жана ресурстарды максималдуу түрдө топтоо менен мамлекет өз чечимин милдеттүү түрдө калктын аткаруусун ишке ашырат. Институционалдык кичи системага мамлекеттен башка саясый уюмдар - партиялар, коомдук уюмдар, кысым көрсөтүүчү топтор профсоюздар сыяктуу бийлик менен коомго таасир көрсөтүүчү олуттуу мүмкүнчүлүктөрү бар саясий эмес уюмдар, массалык маалымат каражаттары жана башкалар кирет. Институционалдык кичи системанын жетилгендиги – аткарган ролдору менен аныкталат. Адистештирүүнүн натыйжасында бул кичи система калктын жаңы керектөөлөрү менен талаптарына түз жана натыйжалуу жооп бере алат. Саясий системада маанилүү орунду дин жана басма сөз каражаттары ээлейт. Басма сөз каражаттарын, мыйзам чыгаруучу, аткаруучу, сот органдарынан кийинки «төртүнчү бийлик» деп да аташат. Чынында эле саясий информацияны топтоп, жарыялоодо, аны чагылдырууда басма сөз каражатгары чоң роль ойнойт. Демократиялык системаларда басма сөз каражаттары саясий бийликке оппозиция болушу мүмкүн. Басма сөз каражаттарын калктын саясий системага болгон мамилесин калыптоодо салымы зор. Себеби басма сөз каражатгары жалпыга таралып, андагы макалалар саясий инсандардын иштеп кетүүсүнө, кризистерге алып келүүсү мүмкүн.

Бийлик жана таасири бар институттары саясий, укуктук, адеп-ахлактык жана ушу сыяктуу ар кандай нормалардын негизинде ар түрдүү ролдорду аткарышат. Саясий мамилелерди жөнгө салуучу нормалардын жалпы жыйындысы нормативдик кичи системаны түзөт. Нормалар эрежелердин ролун аткарышат, алардын негизинде өз ара карым-катыштар жүргүзүлөт. Бул эрежелер конституцияда, укуктук актыларда катталышы мүмкүн. Ушундай формалдашылган жана формалдашылбаган эрежелерди тутуу аркылуу саясий субъекттер өз ара карым-катышта болот. Макулдукка жана жаңжалга негизделген мындай өз ара карым-катыш формалары, алардын ыраттуулугу коммуникациялык кичи системаны түзөт. Саясий системанын коммуникативдик бөлүгүнө, анын ичиндеги ар түрдүү байланыштар, мисалы партиялар жана мамлекеттин ортосундагы мамилелер, экономикалык жана саясий бөлүктөрдүн катышы кирет. Ушул эле бөлүккө бир мамлекеттин саясий системаларынын ортосундагы мамилелер да кирет. Саясий системанын милдеттерин аныктоодо мунун бардыгы саясий социализациядан, кызыкчылыктардын артикуляциясынан жана кызыкчылыктардын жайгарышынан,

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



саясий коммуникациядан жана ченем-өлчөм жаратуудан түзүлөөрүн баса белгилөө зарыл [3].

Саясий илимде саясий системаны изилдөөнүн эки багыты бар:

1) Марксисттик багытта саясат таптык категория катары мамлекеттик бийлик таптардын өз ара мамилеси деп каралат. Мамлекет таптардын кызыкчылыгын эсепке алса, саясий система ошого жараша таптык мамилелерге көз каранды болуп саясий система шарттуу экономикалык мамилелерге жана коомдун социалдык структурасына таянат. Саясий система шарттуу өз алдынча мааниге ээ болгондуктан, экономикага чоң таасирин тийгизет.

2) Экинчи багыттагы батыш саясий илимде бирдиктүү, так аныкталган пикир жок жана төмөндөгүдөй негизги теориялар гана бар. Биринчиден, саясий системаны системалык жол менен аныктоочу теориялар. Бул багыттын түпкү тегинде Л. Фон Берталанфинин жалпы системалар жөнүндө окуусу, Т. Парсонстун социалдык системалар жөнүндө теориялары жатат. Т.Парсонстун оюу боюнча коом аткарган функциялары менен айырмаланган өз алдынча системалардан турат. Алар: руханий, экономикалык, саясий системалар. Экономикалык система айлана-чөйрөнүн баалуулуктарын кабыл алууга жардам берет. Руханий система коомдогу калыптанган турмуш-тиричиликти кармап турууга, коомдук аң-сезимди тарбиялоого жардам берип, конфликттерди чечүү зарылдыгын камтыйт. Саясий системанын милдети коомду бириктирүү, жалпы ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун камсыз кылуу, жалпы максаттарды ишке ашыруу болуп саналат.

Саясий система ар дайым өнүгүп турат. Ички жана тышкы факторлордун астында ал мейкиндикте жана убакытта өзүнүн сандык жана сапаттык өлчөмдөрүн өзгөртөт. Анын чектери согуштук жана башка социалдык, саясий катаклизм учурунда кеңейет да, коомдун тынч, туруктуу, эволюциялык өнүгүү мезгилинде тарыйт. Саясий системанын негизги структуралык элементтери төмөнкүлөр: саясий бийлик, анын ичинде мыйзам чыгаруучу, аткаруучу, соттук; саясаттын субъектилери – индивиддер, коллективдер, социалдык топтор, коомдук саясий уюмдар жана кыймылдар; саясий мамилелер – саясий бийлик боюнча саясий сферадагы субъекттердин мамилелери; коомдун саясий уюму – чегинде коомдун саясий турмушу өтүүчү институттар; мамлекеттик мекемелер, саясий партиялар, коомдук саясий уюмдар, диний бирикмелер жана башка системасы; саясий маданият – жарандардын саясий билими, баалоосу жана аракеттеринин деңгээли жана мүнөзү. Саясий системанын негизги функциялары: коомдун мүчөлөрүн саясий социалдаштыруу, башкача айтканда аларды саясий ишмердүүлүккө тартуу; коомдун максатын, милдетин, өнүгүү жолдорун аныктоо, анын жашоосунун айкын программасын иштеп чыгуу жана алардын аткарылуусу боюнча иштерди уюштуруу; социалдык биримдик, топ жана катмарлардын кызыкчылыгы жана абалына ылайык материалдык жана руханий байлыктарды аныктоо жана бөлүштүрүү; мамлекеттик структуралар, социалдык биримдиктер жана индивиддердин кызыкчылыктарын ылайыкташтыруу; руханий-идеологиялык ишмердүүлүк, саясий аң-сезимди калыптандыруу же аны менен манипуляциялоо; берилген коомдук-саясий түзүлүштү бекемдөө. Саясий системанын типологиясында бир нече ыкмалар бар. Таптык мамилелердин көз карашы боюнча кул ээлөөчүлүк, феодалдык, буржуазиялык, социалисттик, өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөн – саясий системаларынан айырмаланышат. Эгерде типологиянын негизинде саясий режим коюлса демократтык, тоталитардык, авторитардык жана начар өнүккөн саясий системаларды айырмалашат [4].

Саясий система башка коомдук системаларга караганда өзүнө тиешелүү айырмачылыктарга ээ, биринчи кезекте коомго тийгизген таасири аркылуу ал мажбурлоонун негизги күчү деп ырастоо менен бүтүндөй коомго тиешелүү болот. Башкаруучу саясий системанын алкагында кабыл алынган чечимдер ошол мамлекеттин жарандары үчүн милдеттүү. Алар ченемдик-укуктук актылар менен мыйзамдаштырылып, жарандарды баш ийүүгө милдеттендирет [5].

Саясий системанын негизги структуралык элементтери төмөнкүлөр:

1) саясий бийлик, анын ичинде мыйзам чыгаруучу, аткаруучу, соттук; саясаттын субъектилери – индивиддер, коллективдер, социалдык топтор, коомдук саясий уюмдар жана кыймылдар;

2) саясий мамилелер – саясий бийлик боюнча саясий сферадагы субъекттердин мамилелери;

3) коомдун саясий уюму – чегинде коомдун саясий турмушу өтүүчү институттар; мамлекеттик мекемелер, саясий партиялар, коомдук саясий уюмдар, диний бирикмелер жана башк системасы;

4) саясий маданият – жарандырдын саясий билими, баалоосу жана аракеттеринин деңгээли жана мүнөзү.

Саясий системанын негизги функциялары: коомдун мүчөлөрүн саясий социалдаштыруу башкача айтканда, аларды саясий ишмердүүлүккө тартуу; коомдун максатын, милдетин, өнүгүү жолдорун аныктоо, анын жашоосунун айкын программасын иштеп чыгуу жана алардын аткарылуусу боюнча иштерди уюштуруу; социалдык биримдик, топ жана катмарлардын кызыкчылыгы жана абалына ылайык материалдык жана руханий байлыктарды аныктоо жана бөлүштүрүү; мамлекеттик структуралар, социалдык биримдиктер жана индивиддердин кызыкчылыктарын ылайыкташтыруу; руханий-идеологиялык ишмердүүлүк, саясий аң-сезимди калыптанды-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



руу же аны менен манипуляциялоо; берилген коомдук-саясий түзүлүштү бекемдөө [6].

Изилдөөнүн *жыйынтыгына* таянып, саясий система анын айлана-чөйрөсүн түзгөн коомдун структурасындагы борбордук абалы, саясатын уюштуруу жана жөнгө салуу ордун тескөөчү милдеттеринен келип чыгат деген тыянак чыгарууга болот. Саясий система анын жашоосунун ар кандай формалары жана социалдык шарттар аркылуу кыймылда болуп өнүгүүдө болот. Мында тажрыйба көрсөткөндөй мамлекетте саясий турмуштун үстөмдүгү менен мүнөздөлүүсү абзел.

Кыргызстандын саясий системасы эгемен мамлекет катары өлкөдөгү саясий окуялар 1991-жылдан тарта башкача айтканда, Советтер Союзунун жоюлушу менен жаңы нукка бурулуш болгон десек жаңылышпайбыз. Мамлекетте көптөгөн радикалдуу өзгөрүүлөр, кайра жаралуулар болуп саясий, экономикалык жана социалдык сферада бир топ өзгөрүүлөр болгону айтпасак да белгилүү.

**Адабияттар:**

1. Ташиева М.З. Особенности развития политической системы Кыргызской Республики в контексте процесса стабилизации межэтнических отношений». / Диссер. на соиск. уч. ст. канд. полит. наук. - Москва, 2013. – 17 стр.
2. Саясат таануу (жогорку окуу жайлары үчүн окуу куралы). Автордук жамаат. - Бишкек, 2012. - 94-бет.
3. Хамидова З.Т. «Борбордук Азиянын эгемен мамлекеттеринин саясий системаларынын трансформацияланышы: салыштырма талдоо». / Саясий илимд. канд. окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссер. - Бишкек, 2021. - 37-бет.
4. Саясат таануу (энциклопедиялык окуу куралы). Автордук жамаат. - Бишкек, 2004. - 97-бет.
5. Аттокуров Н.А. «Новая политическая система Кыргызстана: достоинства и недостатки». / Наука и новые технологии. - Бишкек, 2012. - №6. - 216-бет.
6. Саясий система // [Электронный ресурс]: https://students.com.kg/?p=5580
7. Асанова У.А. Процессы модернизации и политическая система в Кыргызстане. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2017. №. 11. С. 86-89.